**ЕСТЕСТВЕННЫЕ НАУКИ**

УДК: 796:796.5
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-119-123

**Курманбеков Каныбек**
И. Раззаков атындагы КМТУ, окутуучу
**Курманбеков К.**
КГТУ им. И.Раззакова, преподаватель
**Kurmanbekov K.**
I.Razzakov KSTU, teacher

# ЧҮЙ, КЕМИН ӨРӨӨНДӨРҮНДӨГҮ РЕКРЕАЦИЯЛЫК ЧАРБАЛАР: ТАРЫХЫЙ МАДАНИЙ ЭСТЕЛИКТЕР
# РЕКРЕАЦИОННЫЕ ХОЗЯЙСТВА ЧУЙСКОЙ И КЕМИНСКОЙ ДОЛИНЫ ИСТОРИЧЕСКИЕ КУЛЬТУРНЫЕ ПАМЯТНИКИ
# RECREATIONAL FARMS OF THE CHUI AND KEMIN VALLEY

**Аннотация:** Бул макалада Чүй, Кемин өрөөнүндөгү рекреациялык чарбалар катары тарыхый, маданий эстеликтер жана алардын туризмге тийгизген таасири жөнүндө айтылат. Мында Бурана шаар чалдыбары, Байтик күмбөзү, Шамшы байыркы көрүстөнүнүн жайгашкан жери, маданий эстеликтердин тарыхый мааниси жөнүндө баяндалат.

**Аннотация:** В статье разъесняется значение исторических, культурных памятников как рекреационные хозяйства Чуйского, Кеминского региона и влияние их туризму. Здесь говориться о руинах города Бурана, надмогильном сооружении Байтик, место расположения доевнего кладбища Шамши и еще повествуется о исторических значения культурных памятников.

**Abstract:** The article explains the importance of historical and cultural monuments as recreational farms of the Chui, Kemin region and the impact of their tourism. Here we talk about the ruins of the city of Burana, the burial structure of Baytik, the location of the ancient cemetery of Shamshi and also tells about the historical significance of cultural monuments.

**Негизги сөздөр:** Бурана, байыркы, маданий эстеликтер, мунара, туристтик, обьект, Өзүбектин күмбөзү, Байтиктин күмбөзү, Баласагын, Шиш – Дөбө, Шамшы байыркы көрүстөнү, Ак -Бешим шаар чалдыбары.

**Ключевые слова:** Бурана, древний, культурные памятники, башня, туристический, объект, надгробие Өзүбека, надгробие Байтика, Баласагын, Шиш-Дөбө, древнее кладбище Шамши, руины города Ак-Бешим.

**Key words:** Burana, ancient, cultural monuments, tower, tourist, object, tombstone of Ozubek, tombstone of Baytik, Balasagyn, Shish-Dobo, ancient cemetery of Shamshi, ruins of the city of Ak-Beshim.

Чүй жана Кемин өрөөндөрүндө рекреациялык чарбанын бири катары тарыхый, маданий эстеликтер туризмде маани бере турган объектилерден болуп саналат. Бул маданий эстеликтердин бир нечесин мисалга алабыз.

Бурана шаар чалдыбары орто кылымга таандык. Токмок шаарынан 10 км түштүктө, Ак-Бешим шаар чалдыбарынан 3 км түштүк чыгышта жайгашкан. Айланта дубал менен курчалган шаар чалдыбарлар тибине кирет. Борбордун бөлүгүндө жана айланасында өзүнчө

чоң чептери болгон. Шаардын борборунда өлчөмү 570 x 600 м келген шахристан жайгашкан. Шахристандын ички бөлүгүнө бүт бойдон үйлөр курулган. Мындагы адам тиричилигинин изи калган катмардын калыңдыгы 1,5 - 3,5 м. Шахристандын чыгыш бөлүгүндө мунара, мечит, үч мавзолейден турган архитектуралык комплекс жайгашкан. Мунарадан 100 м түндүк батышта бийиктиги 10 м келген дөбөнүн эки жагы тең бирдей - 100 x 100 м. Бул дөбөнү казууда X-XII кылымда курулган үйлөр, XIII-XIV кылымдарга таандык мүрзөлөр табылган. Шаардагы мусулман жана христиан мүрзөлөрүнүн үстүнөн араб жана сирия алфавитинде жазуулары бар таштар табылган [1, 183]. Изилдөөлөргө караганда Шаар X - кылымдарда пайда болгон. Шаар пайда болгонго чейин байыркы түрк жана усундардын жашаганы жана алардын көптөгөн эстеликтери да табылган. Булар Бурана шаар чалдыбарынын аймагынан табылган табылгалар болгон.

“Бул жерди жакшылап карасаң, анда адамдын жан дүйнөсү аркылуу өткөн, тагдырдын, сулуулуктун, түбөлүктүүлүктүн изинен басылып, оюм-чийимди көрөсүң. Жашыл адырлардын, алыскы тоолордун фонунда Бурана мунарасы өткөндүн улуу арбагындай, замандын эсиндей, өмүрдүн түбөлүктүүлүгүн, алсыздыгын эске салгандай бийиктейт” – деп, окумуштуу өзүнүн эмгегинде туура баа берген [2,151-б]. Чындыгында Бурана шаар чалдыбары өткөн заманды эскерген эстелик сыяктуу таасир берет.

Бурана Архитектуралык комплекси Бурана мунарасы жана үч күмбөздөн турат. Мунаранын сакталган бийиктиги 24 м, адеп курулгандагысы - 42-44 м. Мунаранын пайдубалы (тереңдиги 5,5 м жактары 10x10 м) таштан курулуп, бийиктиги 1,2 жактары 12x12 м келген подиум менен табылган. Анын үстүндө бышкан кыш менен сегиз кырдуу цоколь тургузулуп, андан өйдө жумуру мунара (бийиктеген сайын ичкерет) чыгарылган. Мунаранын сырты оймо-чиймеленип кооздолгон. Ичинде буралма шатысы бар. Шатыга кирчү эшик 5 м бийиктикте болгондуктан ага мунаранын батыш капталында жайгашкан мечиттин чатыры аркылуу киришкен [1, 183-б]. Мунара Орто кылымга (XI к.) таандык архитектуралык курулуш. Ал заманда Мунара мусулман динин туткандарды милдеттүү түрдө беш маал намазга чакыруу үчүн пайдалануучу архитектуралык курулуш болгондугун эскертет.

Мунаранын чыгыш каптал жагында XI-XII кылымдарга таандык үч күмбөз болгон. Биринчи күмбөз сегиз кырдуу салынып, диаметры 11 м, дубалынын калыңдыгы 1,7 м келип, 4 адамдын сөөгү, экинчи жана үчүнчү күмбөздөр жумуру болуп, диаметри 13,6 м, дубалынын калыңдыгы 1,8 м келип, 11 адамдын, үчүнчү күмбөзгө 28 адамдын сөөгү коюлган. 1974-75-жылдары мунара менен күмбөздөр реставрацияланган [1,183-б]. Көрүнгөн Күмбөздөрдүн бет маңдайы чыгыш капталдарында жайгашып, ал жагында кыштар араб алфавитиндеги жазуулар менен өтө кооздолуп, ар түркүн коюлуп оймо-чиймеленгенин көрүүгө болот.

Бурана Археология - Архитектуралык музей комплекси. Бурана шаар чалдыбарынын базасында 1967-жылы уюшулган. Музей талкаланган шахристандын борбордук бөлүгү, мунара, үч күмбөздөн жана башка эстеликтерден тышкары Чүй өрөөнүнүн ар кайсы аймактарынан табылган экспонаттар (талкаланып жок болуу коркунучунда турган) да коюлган [1, 183-б]. Ал жердегилер: балбалдар, аска сүрөттөрү, жазма эстеликтер, тегирмен ташы жана башка бир топторун көрүүгө болот. Мындан тышкары, Бурана шаар чалдыбарынан, кооз асем буюмдар, айнек идиштер, карапа суу курлары, шам, жаргылчак, несториан жазуулары бар таш эстеликтер, тыйындар табылып, музейдин эки залына коюлган. Бул жерге жылына чет мамлекеттен жана шериктеш мамлекеттерден 25-30 миңден ашык турист келип музейди көрүп кетишет.

Өзүбектин күмбөзү. Чүй өрөөнүндөгү Байтик айылынан 1 км түн тараптагы көрүстөндүн аймагындагы күмбөз 1911-жылы каза болгон кыргыздын белгилүү манабы Өзүбек Бошкой уулунун бейитине тургузулган. Орто кылымдагы Орто Азия архитектурасынын үлгүсүндө (кутуча, сегиз кырдуу, кумпалуу, боз үй сымал) ичке жумуру металлдардан жасалган. Кооз оймо-чиймелүү адыракай тор сымал, темир сымал такталардан жасалып, алар бири бирине бөрктөлүп кадалган; оймо-чиймелери, шакекчелер менен байланыштырылып бекитилген.

Майда тешиктүү тор сымал күмбөз таш пайдубалдын үстүндөгү калыңдыгы 96 см келген төрт чарчы гранит түпкүчкө орнотулган. Күмбөздүн жалпы бийиктиги 11,25м. Күмбөздүн эшиги чыгышты карай, кире беришине араб ариби менен жазылган жазуусу бар бийиктиги 1,6 м гранит түркүк орнотулган [1, 304-б]. Демек, Өзүбектин күмбөзүн жасалгасын жана оймо-чиймелеринин түрдүүлүгүн жакшы реклама кылып туристерди тосуп алуучу, көргөзмө куралга айландырсак боло тургандай. Бул күмбөздүн архитектурасы кийинки гана заманды чагылдырат. Байтиктин күмбөзү. Чүй өрөөнүндөгү Байтик айылынан 1км түндүк тараптагы көрүстөндүн аймагында Бишкек шаарынан 18 км түштүк тарапта. XIX кылымдын аягында курлган. Сегиз курдуу күмбөз бийик түпкүчкө орнотулган. Оозу (эшиги) чыгышты карайт. Төбөсү кош кабат, кумпа менен бүтөт. Ички кумпасы күмбөздүн керегисинин үстүнө орнотулган сегиз кырдуу таянычка коюлган, ал эми үстүңкүсү (сакталган эмес) цилиндр түрүндөгү барабанга орнотулган. Сырты боюнча диаметри 5,5 м, ичи боюнча 4,6 м. Жактардын бийиктиги 4,5 м, керегесиниин калыңдыгы 78 см күмбөздү ким курганы белгисиз [1,166-б]. Күмбөздүн ар бир жагы арка менен коооздолгон. Оймо-чиймеленген алгачкы шыбак крегенин үстүңкү бийик жагында, барабанда жана кумпада гана сакталган. Күмбөз бышырылган кыштан тургузулган.

Баласагун - орто кылымга таандык шаар; жазма даректерге жана археологиялык табылгаларга караганда ал азыркы Токмок шаарынын түштүк жагындагы Бурана аймагында жайгашкан. Адегенде караханийлер, андан кийин кара кытайлар мамлекетинин борбору болгон.

Алгачкы маалымат араб саякатчысы жана географы Аль - Мукадасинин (XX к) эмгегинде кездешет. Ал Баласагундун башка шаарлардан чоң жана эли көп болгондугун баяндайт [1, 168-б]. Махмуд Кашгаринин (XII к) сөздүгүнө караганда шаардын үч аты болгон: Баласагун, Куз - Орду, Куз - Улуш. Баласагун X-XII кылымда гүлдөп өскөн. В. В. Бальддун ою боюнча Баласагун XIV кылымда ич ара узакка созулган согуштардын натыйжасында кыйраса керек. Бул шаардын урандысы азыркы учурга чейин сакталып калганына күбө болобуз. Орто кылымга таандык Баласагун шаарында илимпоз, ойчул Жусуп Баласагын туулганын эскеришет.

Шиш - Дөбө шаар чалдыбары VI-XV к таандык. Кара-Балта шаарынын түндүк тарабында. Шаардын борбордук бөлүгүндө сепил менен шахристан курулуп, алар 1км2 аянтты ээлеген. Анын сыртындагы кеңири аянты эки катар дубал менен курчалган. Ички дубалдын узундугу периметр боюнча 12 км, сырткы дубалыныкы 28 км. Шаар чалдыбарынын жалпы аянты 6000 гектардай. VI-XII к Чүй дарыясынын сол жээгиндеги эң ири шаар болгон. Чеп төрт чарчы салынган. А. Н. Бернштан менен П. М. Кожемяко тарабынан археологиялык казуулар жүргүзүлүп, көптөгөн буюм тайымдар (карапа идиштер, айнектен, металлдан, сөөктөн, таштан жасалган ар кандай буюмдар) табылган [1, 394-б]. Шиш-Дөбө шаар чалдыбарынын аймагынан XI-XII кылымдарга таандык эки ири тыйын чогундусу (5000 дей жез, күмүш тыйын) табылган. Шиш-Дөбө шаар чалдыбарын IX-XII

кылымдардагы жазмаларда кээ бир изилдөөчүлөр Нускет шаарына окшош экенин эскеришкен.

Ак - Бешим шаар чалдыбары - VI-XII кылымга таандык. Токмок шаарынан 6 км түштүк-батыш тарапта. Түзүлүшү жагынан алгачкы орто кылымдагы түндүк Кыргызстан үчүн мүнөздүү шаар. Шаардын борбордук бөлүгү сепил менен шахристандан турган, алардын дубалдары калың келип, мунаралар менен чыңдалган. Шаардын борборуна туташ жайгашкан аймакта кол өнөрчүлүк, айыл чарба менен кесипчилик кылган шаардыктардын үйлөрү болгон. Бул аймак жалпы узундугу 16 км келген дубал менен курчалган. Археологиялык казууларды А. Н. Бернштам (1938 - 39) М. Кожемяко (1953), Л. Р. Кызласов (1953-55, 1958) жүргүзүшкөн. Негизинен турак жай имараттарынын калдыктары, тиричилик шаймандары, тыйындар, искусство буюмдары (айкел, алтын жалатып көрктөлгөн буюмдар) архитектуралык тетиктер табылган. Шахристандын түштүк тарабында жайгашкан VI-VIII кылымдарга таандык эки будда храмынан архитектура, скульптура, живопись, курулуш техникасына тиешелүү бай материалдар табылган. Ак - Бешим шаар чалдыбарында Орто Азия менен Чыгыш Түркстандын маданиятына окшоштуктар болуп, бул Улуу Жибек-Жолунун ролун айкындайт. Изилдөөчүлөрдүн көбү Ак-Бешим шаар чалдыбарын VI-X кылымда батыш түрк, түргөш, карлук-кагандыктарынын борбору болгон Суйаб шаарынын калдыгы деп айтышат. XI-XII кк Суйаб шаары бөлүнүп, Баласагун шаары саясий борборго айланган [1, 140-б]. Түндүк кыргыздар үчүн мүнөздүү шаар. Шаардын обочо курулган коргонуу чеби, борбордук бөлүгү , удаалаш чогуу-чогуу жайгашкан курулуштары болгон. Археологиялык казуулардан ( 1941-56) турак жай курулуштарынын кадыктары (V-VIII к), тиричилик шаймандары, тыйындар, искусство буюмдары (скульптура, алтын жалатып, көрктөлгөн металл буюмдары), архитек. тетиктер табылган. (VI -XII к-да) Караханийлер мамилекетинин борбору Баласагун шаары болгон деп болжолдошот [4,11-б]. Тарыхый архитектуралык бул шаар азыркы учурда сырттан келген көптөгөн туристтердин кызыгуусун арттырып, жылдан –жылга туристтердин көбүрөөк келүүсүн шарттады.

Шамшы байыркы көрүстөнү, дөбө мүрзөсү Токмок шаарынын түштүк чыгышындагы Шамшы коктусунда жайгашкан. Сак урууларыныкы. Диаметри 20 м, 1958-жылы П.Н.Кожемяко, Ы.Кожомбердиев изилдеген. Казанактын ичинде калың арча кулүнүн үстүнө табытка салынган аялдын сөөгү табылган [3.442-б]. Шамшы байыркы көрүстөнү - IV-V кылымдарга таандык мүрзөлөр. Токмок шаарынын түштүгүндөгү Шамшы капчыгайында, суунун оң жээгинде. 1950-жылы коргон дөбөлөрдүн көбү түзөтүлүп, айдоо аянтына айлантылган. 1958-жылы бул жерди айдоо учурунда бир мүрзө ачылып аны археологдор келип изилдеп, мүрзөнүн диаметри 20 м, бийиктиги 2 м, экендиги аныкталган. Бул төрт чарчы жөнөкөй мүрзөнүн түбүнөн жука тактайдан жасалган, төрт бурчу тең жез зым менен бекитилген табытта башы батышты каратылып, чалкасынан жаткырылган аялдын сөөгү табылган. Аялдын бети алтындан каңылтыр бет кап менен жабылган. Мындан тышкары, мүрзөдөн асыл таш чөгөрүлүп коодолгон, кыргагына алтын менен кооздолгон седептер илинген аялдын тажысы, ак нефриттен жасалган төрт жуп билерик, асыл таштар чөгөрүлгөн кооз эки алтын шакек, кооз эки алтын сөйкө, чач учтуктар, моюнга тагылуучу алтын жалатылган жана кара кочкул асыл таштан жасалган аялдын бедизи, күмүш чаптырылган эки беш эли кемер, алтын чөйчөк, күмүш кутуча, шайы кездеменин үзүндүлөрү, булардан тышкары мүрзөдөн коло казан, чоң карапа идиш, алтынга буулантылып, асыл таш чөгөртүлүп кооздолгон жүгөн, ээрдин сыныгы, ат жабдыктарына керектүү буюмдар табылган [1, 392-б]. Шамшы байыркы көрүстөнүнөн табылган буюм-тайымдардын Кара

деңиз калаасы, Волга бою, Орто Азия, Казакстандагы байыркы көрүстөндөрдөн чыккан буюмдарга окшош болушу IV-V кылымдарда Кыргызстан менен жогоруда аталган региондор ортосунда бир кыйла тыгыз тарыхый-маданий байланыш болгонун айгинелейт. Бул буюмдар Кыргызстандын аймагындагы көчмөн элдерде кол өнөрчүлүктүн, зергерчилик өнөрүнүн мурдатан кеңири өөрчүгөнүн далилдейт.

Жогорудагы Чүй жана Кемин өрөөндөрүндө рекреациялык чарбаларынын бири катары каралган бул тарыхый, маданий эстеликтер: Бурана шаар чалдыбары, Баласагун, Ак-Бешим шаар чалдыбары, Шиш-Дөбө шаар чалдыбары, Байтик, Өзүбектин күмбөздөрү, Шамшы байыркы күмбөз, азыркы учурдагы жана келечектеги туризмде маани бере турган объектилерден болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Чүй облусу: Энциклопедия / Башкы ред. А.Карыпкулов; Ред.колл: И.Айтматов ж.б.; Ред. кеңеш: А.Жумагулов ж.б.; -Б.: КЭ Башкы ред., 1994. - 720 б.
2. Дудашвили С.Д. Туристские ресурсы Кыргызстана. –Б. Раритет Инфо, 2004. -278 с.
3. Кыргыз Совет Энциклопедиясы: 6 томдук /Башкы ред. Б.Ө Орузбаева. –Ф.: Кырыз Совет Энциклопедиясынын башкы реакциясы, 1980. Т.6
4. Кыргыз жергеси (жер-суу аттары), энциклопедия / Башк ред. М.Б.Борбугулов; Баш. Ред.мүчөлөрү: Ч.Т.Айтматов, ж.б., Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы ред., 1990. 368 б.

**References:**

1. Chui region: Encyclopedia / Chief editor. A. Karypkulov; Editor-in-chief: I. Aitmatov, etc.; Ed. advice: A. Zhumagulov, etc.; - B.: KE Chief Ed., 1994. - 720 p.
2. Dudashvili S.D. Tourist resources for Kyrgyzstan. -B. Rarity Info, 2004. -278 p.
3. Kyrgyz Soviet Encyclopedia: 6 volumes / Chief editor. B. Oruzbaeva. -F.: The main reaction of the Kyrgyz Soviet Encyclopedia, 1980. T.6
4. Kyrgyz land (place names), encyclopedia / General editor. M. B. Borbugulov; Head. Editorial members: Ch. T. Aitmatov, etc., chief editor of the Kyrgyz Soviet Encyclopedia, 1990. 368 p.

УДК: 796:796.5
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-123-126

**Курманбеков Каныбек**
И. Раззаков атындагы КМТУ, окутуучу
**Курманбеков К.**
КГТУ им. И.Раззакова, преподаватель
**Kurmanbekov K.**
I.Razzakov KSTU, teacher

## ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ӨСҮМДҮКТӨР МЕНЕН ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮНҮН ТУРИЗМГЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
## ВЛИЯНИЕ РАСТИТЕЛЬНОГО И ЖИВОТНОГО МИРА НА ТУРИЗМ ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ
## THE INFLUENCE OF FLORA AND FAUNA TOURISM IN THE CHUI REGION